***Усарова Г.О.***
***Ошский Государственный Социальный Университет***

# ЖАҢЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ЖАЗУУ ЖАНА ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛ АКТИВДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

# РАЗВИТИЕ АКТИВНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПО ПИСЬМЕННОМУ И УСТНОМУ ТВОРЧЕСТВУ СТУДЕНТОВ НА УРОКАХ НОВОЙ СОВРЕМЕННОЙ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

***Usarova G.O.***

# THE DEVELOPMENT OF ACTIVITY OF ORAL AND WRITTEN SPEECH OF STUDENTS IN THE NEW KYRGYZ LITERATURE LESSON

***Аннотация:*** *Бул макалада болонья процессинин негизинде билим берүүнүн бирдиктүү системасы тууралуу сөз болмокчу. ЖОЖдордогу кыргыз филология факультеттеринде "Жаңы кыргыз адабиятын (портреттер-70-жылдар) окутууда интерактивдүү методдорду пайдалануу. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жазуу жана оозеки кебин кандай стратегияларды колдонуп өнүктүрүүгө боло тургандыгына токтолдук. Болонья процессинин негизги максаттары академиялык жана профессионалдык мобилдүүлүктү өстүрүү. Антке-ни, өлкөбүздөгү жаштардын келечекте өнүккөн өлкөлөрдүн атуулдары сыяктуу илимдин бардык тармактарында, билим, технология, жашоо стандарттарын жакшыртуу, өндүрүштү чоңойтуу ж.б. маселелерине жарыша билим алуусуна ээ кылуу баарыбыздын милдетибиз.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются развития устной и письменной речи студентов в актуализации их творчества на основе болонского процесса на факультетах кыргызской филологии ВУЗов в обучении "Портретов новой кыргызской литературы" (70-е годы) совместно с использованием интерактивных методов. Здесь рассказываются письменные и устные стратегические методы использования и развития, за счет которых можно повысить активную деятельность студента. Основной целью Болоннского процесса является повышение академической и профессиональной мобильности. В нашу обязанность входит обеспечить нашу молодежь знаниями, которыми обладают граждане развитых стран, чтобы они были предоставлены работой во всех сферах науки и технологии, могли улучшить стандарты жизни, повысить производительность и многое другое.*

***Annotation:****The article focuses on the development strategy of oral and written speech of students in updating their creativity on the base of Bologna process at the departments of Kyrgyz Philology at Higher Educational Institutions in teaching "Portraits of a New Kyrgyz Literature" (1970th) using interactive methods. Also, to increase the activity of students what strategies should be used in the development of their written and oral communication skills. The aim of the Bologna process is to improve academic and professional mobility. Therefore it is our responsibility to provide our youth with good education as citizens of developed countries possess, so they were able to work in all fields of science and technology, could improve living standards, improve productivity and do many other things.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *билим берүү, система, жаңылануу, мектептер, ЖОЖ, «Болонья процесси», технология.*

***Ключевые слова:*** *образование, система, новизны, школы, ВУЗЫ, «Болоньский процесс»,технология.*

***Key words:*** *The article deals with the strategy of development of oral and written speech of students in updating their creativity on the base of Bologna process at the departments of Kyrgyz Philology at Higher Educational Institutions in teaching "Portraits of a New Kyrgyz Literature"(70th) using interactive methods*

Азыркы кездеги билим берүү системасынын жаңылануусу жана мектептерде, жогорку окуу жайларында билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү, окуу жайларында окутулуп жаткан билимдин сапатын жакшыртуу максатында биз да Европа Биримдигине мүчө болгон өлкөлөрдүн билим берүүдөгү бирдиктүү системасына – Болонья процессине өттүк.

«Болонья процесси» термини Италиядагы бир университеттин атына байланыштуу аталган. Болонья университети XI кылымда б.а. 1088-жылы курулган дүйнөдөгү эң эски университеттердин бири. Болонья процессинин жаралуу тарыхына кайрылсак, 1999-жылы Европа Биримдиги Парламентинин чогулушунда швециялык декан «мамлекетке көз каранды Европа университеттеринин доору бүттү» - деп, Европа ЖОЖдорун өзгөртүү зарылдыгын негиздеген [4].

Болонья процессинин негизги максаттарынын бири, академиялык жана профессионалдык мобилдүүлүктү өстүрүү жана жарандардын өздөрүнүн мүмкүнчүүлүктөрүн толугу менен ишке

ашыруусун камсыздоо: билим алуу жана аларды келечектеги ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү болуусун камсыздоо[3]. Анткени өлкөбүздөгү билим алууга муктаж жаштарын келечекте өнүккөн өлкөлөрдүн атуулдары сыяктуу илимдин бардык тармактарында, башкача айтканда, билим, технология, жашоо стандарттарын жакшыртуу, өндүрүштү чоңойтуу ж.б. маселелеринде жарыша алуусуна ээ кылуу баарыбыздын милдетибиз.

Ал үчүн а дегенде филолог студенттердин жазуу жана оозеки кебин өнүктүрүү зарыл шарттардан болуп эсептелет. Себеби, аалам масштабында ой жүгүртүп, өзүнүн чыгармачыл иш аракетин ишке ашыруу үчүн адабият сабагын жакшы өздөштүрүүсү керек. Ошондой эле, адабият сабагы өз оюн эркин айта жана жаза билүүгө үйрөтөт. Ошондуктан студенттердин чыгармачылык ойлоосун өнүктүрүү үчүн кыргыз филологиясы факультеттеринде "Жаңы кыргыз адабиятынын портреттерин" (70-жылдар) окутууда интерактивдүү методдорду пайдалануу менен өтүү негизги маселелерден. Бул проблеманы жүзөгө ашырууда окутуучу багыт берүүчү гана болбостон, жакындан жардамчы, көмөкчү болуусу керек.

Студенттердин жазма кебин өнүктүрүүдө колдонулган интерактивдүү методдор студенттердин практика жүзүндө жазып баштоосу менен улантылып, түздөн-түз сабак мезгилинде студенттин сынчыл ойлоосун өстүрүп, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүргөнгө көмөктөшөт. Экинчиден, максаттуу берилген теманын үстүндө жазылган аудиториядагы жалпы иш студенттердин арасында тема боюнча түшүнүктү өз ара бекемдеп, бышыктоо менен анализденгенге жетиштирет[1].

Анткени аудиторияда жазылып, жалпы студенттер арасында окулуп, талкууланган иш кайрадан оң, терс пикирлердин натыйжасы аркылуу оңдолуп, түзөлүп, мазмун-маңызы тереңделгенге жетишилип, теманын толук кандуу ачылышына мүмкүнчүлүк түзөт. Көбүнчө аудиторияда жазылып окулган иштин натыйжасы жакшы болот. Себеби, үйгө берилген жазуу иши ал студент үчүн гана жазылып калгандай түшүнүк калтырат. Ал – чындык. Ошондуктан аудиторияда көбүрөөк талкуу жүргүзүү – эң негизги маселе [6].

Жалпы түшүнүктө жазма речке анча көңүл бөлүнбөйт, анткени жазма речти бир студент же окуучу белгилүү тема боюнча өзүнүн билгенин жазуу жүзүндө окутуучуга берген эсеп-кысабы катары гана түшүнүп келгенибиз туура эмес.

Ошондуктан ар бир студенттин жазуу кебине атайын процесс катары мамиле жасасак, алардын ички психологиялык-адептик, руханий дүйнөсүндө төмөнкү өзгөрүүлөрдүн пайда болгондугун байкайбыз :

1. Ар бир мектептен жаңы келген окуучу–студенттин өзүнө гана тиешелүү болгон көз карашы толук кандуу калыптангандыгын;

2. Жазуу стилинин, манерасынын ар тараптан өнүккөндүгүн;

3. Өз ой–пикири канчалык деңгээлде баалуу экендигине сабырдуу; сыймыктануу, толкундануу сезими менен ичтен барктоосунун өскөндүгүн;

4. Сынчыл ойлоосу аркылуу берилген теманын тегерегинде терең анализ жүргүзө алгандыгын;

5. Жазуу процесси аудиторияда канчалык көп аткарылса, ошончолук ички кызыгуу сезимдеринин арткандыгын;

6. Аудиторияда аткарылып жаткан процесстин кээ бир кыйынчылыктарды туудурушу, ар бир студенттин ички психологиясында бирибирине болгон сыйлоо сезимин пайда кылып, ар биринин ой–пикири сөзсүз түрдө баалуу экендигине ынанышкандыгын;

7. Студент окурман катары да өз ишинин мазмунун көркөм, илимий көз карашта, идеялык маңызы жогорку деңгээлде ачып бергенге жетишишкендигин;

8. Башка студенттер тарабынан жазылган идеяларга өз идеясын кошуп, толуктай алгандыгын;

9. Негизгиси, студент көркөм чыгарманын сюжеттик–композициялык ыраатуулугун бузбай, бүтүн бир идеялык мазмунду бергенге, образ–мүнөздү ачканга көнүгүп, талдоого алып, жалпылап, жыйынтык чыгарганга жетишишкендигин;

10. Жазма кепте студент автордун-сүрөтчүнүн ролун аткарып, чыгарма жазуунун сырларын, оорчулугун жана кыйынчылыктарын баштан кечирип, өзү жаш жазуучу катары эмгегинин натыйжасы кантип келээрин сезип билгендигин;

11. Окурман катары өзү окуган чыгармага же илимий эмгекке рецензия берүүнүн жолдорун үйрөнгөндүгүн байкайбыз.

Ошентип, жазма ишин жүзөгө ашырууда биринчи идеяларды өнүктүрүү: туюндуруу, түшүндүрүү жана жазууга киришүүдөн турса,

экинчи жазма ишти баштоо жана жазуу: даярдыктан, алгачкы варианттан, оңдоо түзөөдөн турат. Үчүнчү даяр басма сөз беттерине жарыялана турган жазма иштер: Текстти даярдоодон, редакциялоодон, басып чыгаруудан турат.

Күтүлүүчү натыйжа:

Жазуу жөндөмдүүлүгүн арттырат.

Көркөм далилден натыйжа чыгарганга үйрөнөт.

Авторлуктун жоопкерчилигин сезгенге тарбияланышат да акырында чыгармачыл жигердүү

көз караштагы таланттуу, ар тараптан өнүккөн эртеңки адис болуп чыга келишет. Бардык интерактивдүү сабактардай эле жазма иши деле:

чакыруу;

түшүнүү;

ой жүгүртүү этабын кучагына алып, ар бир этапта окутуучу чеберчилигине ылайык ар кандай интерактивдүү ыкмаларды колдонсо болот [5]. Мисалы: **Сабактын темасы:** Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы. “Аваз” повести.

Сабактын максаты:

Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы жана “Аваз” повестинин идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү жөнүндө маалымат берүү менен дубал газета ыкмасын үйрөтүү.

Студенттердин гумандуулук, руханий-адептик мүнөздүк сапаттарын тереңдетүү.

Ыйманга, ынсапка, жан дүйнөлөрүнүн арууулугуна тарбиялоо.

Сабактын тиби: Жаңы сабакты өздөштүрүү

Сабактын формасы: Жуптан, топто иштөө

Колдонулган ыкма: Дубал газета

Күтүлүүчү натыйжа :

- Түгөйлөшүп командада иштегенге көнүгүшөт.
- Логикалык жактан ойлорун системалаштырууга үйрөнүшөт.
- Фантазиялуу ойлоого калыптанышат;
- Ар кандай ишти пландаштырууга көнүгүшөт;
- Ар кандай иштин эсеп-кысабы берилээрине ишенишет;
- Эстетикалык татым негизги роль ойноруна көнүгүшөт;
- Этикалык жагдай иштин жыйынтыктуу болоруна жеткирээрине ишенишет.
- Уга, көрө, жаза, тарта, ойлоно билүү искусство экендигине ынанышат.
- Сынды туура кабыл ала билүү иштин натыйжалуу болушуна жакындан жардам экендигин таанышат.
- Сындай билүү теориялык билимге байланыштуулугун түшүнүшөт.
- Анализдөө теория менен практиканын айкалышуусу экендигине көздөрү жетет.
- Чыгармачылык изденүү негизги иш-аракет экендигине терең ынанышат.

Стратегиялык кадамдар:

1 - кадам.Темага чакыруу катары суроолор берилет.

«Нан» (1973), «Бийиктик» (1977), «Турмуш» (1979), «Жаңы таң» (1980), «Эне» (1983), «Мен жана менин айылдаштарым» (1985) жазган автор ким деп ойлойсуңар?–деген кыйыр суроолорду таштоо аркылуу өтүлө турган жаңы темага чакыруу жасаса болот.

2 - кадам. Тема жарыяланат. Окутуучу чыгарманын негизги мазмуну боюнча төмөндөгүдөй түшүнүк берет. Андан кийин мугалимдин түшүнүгү боюнча жазылган төмөнкү текст бөлүнгөн топторго таратылат.

Ж.Мавляновдун чыгармаларынын каармандарынын көпчүлүгү согушка чакырылгандар, же согуш учурун орукта өткөргөндөр. Алар ошол согуш тууралуу 1941-жылдын 22-июнундагы фашисттик Германиянын СССРге кол салышын ар кандай кырдаал-шартта, ар кандай адамдардын чөйрөсүндө, ар кандай психологиялык абалдарда угат. Алардын ичинде Рыскул менен Бекторунун жаман кабарды угуусу да өзгөчө учурга туш келди: жакшы тилек менен жашоого жаңы кадам таштоо максатында кол кармашып Рыскулдун айылына келе жаткан учуру, асман тиреген тоолордун, жайлоонун кооздугуна көрк кошкон Бекторунун жагымдуу авазы, өспүрүм балдар Сагынбек менен Жапардын аруу балалык сезимдери, оюн-зоок, калың күлкү, ыр- күүгө толо айлуу түндөр... Мына ушул бактылуу учур, эки жаштын жалындаган сүйүүсү, укканыңда жан эргитип, кооз жаратылышка жан киргизген Бекторунун шаңдуу авазы жана согуш деген алааматтын чыгышы. Согуш Сагынбек менен Жапардын балалык кыял-жоругуна, таптаза тилек-ойлоруна чоңдордукунан кем эмес бүлүк салды. Айылга келген ар бир “кара кагаз” жаш өспүрүмдөрдүн да жүрөгүн тырмалап, мезгил эрте эле чоңойто баштады. Бекторунун тоолорду чайкалтып, шаңшыган жагымдуу ырлары, муңдуу, жан кейиткен кошокко алмашты. 1945-жылдын март айынын аягы ченде Рыскулдан “кара кагаз” келет. Бектору суук кабарды угуп, бир аптача таң тыяктан өөк салгандан тартып, күндө ыйлап жүрүп, бир күнү эле үнү тып токтоп, экинчи кайра угулбай калат, көрсө, күчүркөнө ыйлагандан көмөкөйү түшүп калат. Ошону менен Бекторунун ыры да, ыйы да Рыскулдун денеси менен кошо бөтөн эл, чоочун жерде топурак астында калгандай болот [2].

3-кадам. Студенттер текст менен толук таанышы болгондон кийин бардыгына дубал газета чыгарууга багыт берилет. (Мурдатан бул стратегия аудиторияда иштелип жүргөн)

4-кадам. Студенттер тайпаларга бөлүштүрүлөт.

5-кадам. Жуптан, үчтөн идеяларын топтоштурушат.

6-кадам. Тема тайпаларда талкууланып, ар бири өз газеталарынын үстүндө иштешет.

7-кадам. Белгиленген убакыт бүткөндө ар бир тайпа өз газеталарын илишет.

8-кадам. Окутуучу ар тайпанын газетасына ар бир топ өз идеяларын өзгөчө бөлүп, маркер

менен толуктоо киргизүү жөнүндө көрсөтмө берет.

9-кадам. Натыйжада бардык газеталар толук тайпалардын толуктоо көзөмөлүнөн өтүлүп бүткөндөн кийин, ар бир тайпа өз газеталарын коргошот. Коргоо мезгилинде башка тайпанын киргизген сунуштарын атоо менен анын канчалык даражада ал газета үчүн ролу, орду бар экендигин белгилеп өтүшөт.

Ар бир тайпа Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча дубал газетага маркер менен кооздоп жазышат. Чыгармаларындагы жаратылыштын кандай сүрөттөлүшүн жана каармандардын образдарын сүрөт аркылуу чыгармачылык менен чагылдырып беришет. Каардуу согуштун кесепетинен кыргыз элинин башынан өткөргөн оор турмушуна таасирленген студенттер, сүйгөнүнө жете албай согуш талаасында жүргөн эр жигиттин ашыктык ырлары, Ата Мекендин ыйыктыгын далазалаган эсселери, жалгыз уулдун энесине жазган сагыныч каттары менен дубал газетаны толтурушат.

Презентациядан кийин ар бир тайпа кошулган өз идеясын коргоо максатында жарыш сөзгө чыкса да болот. Натыйжада, студенттер өз аң-сезимине жогорудагы аталган негиздер менен кошо активдүү көз караш, чыгармачыл ишенимдерди калыптандыруу аракетине өтүшөт.

**Адабияттар:**


1. Үкүева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илмий-педагогикалык негиздери. Ош-2011.
2. Ж.Мавлянов. Кайрымсыз жылдар Б-1994.
3. Руководство по применению Европейской системы перевода и накопления кредитов (ECTS) в Кыргызской Республике. Бишкек-2005 4-5-бет
4. К. Бообекова, Болонья процесси жана кредиттик система.Б-2005,9-бет
5. Оторбаев Б. К. Адабиятты окутуунун жаны технологиялары. [Текст]:Окуу куралы/ Оторбаев Б. К.–Б.: 2010. 7-б.
6. Акиева Г.С. Педагогикалык чеберчиликтин негиздери. [Текст]:Окуу куралы/. Акиева Г.С.–Б: 2002. 234б